Кусалык

Куса болуп элесине зарыгып

Кетем кээде тагдырыма таарынып

Оюм жетип,өзүм сага жете албай

Күндөр өтөт жаным сени сагынып

Жаралантып жүрөгүмдү арбаган

Сүйүктүүмсүң ак сүйүүмдү арнаган

Ойлойм сени жүрөгүмө бук батпай

Сүйлөй албайм сени көрсөм үн катпай

Жүрөм сенин элесиңди өчүрбөй

Жүрөгүмдүн түпкүрүнө бек сактай

Сагынтасың жүрөгүмдү ээсиң

Куттүрбөчү айтчы качан келесиң

Жүктөп алып аппак сүйүү үстүмө

Сага айдайм махабаттын кемесин